TÜRK MAMLEKETTERİNİN PARLAMENTTİK ASSAMBLEYASY

АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ, ТАБИГЫЙ РЕСУРСТАРЖАНАСАЛАМАТТЫКТЫ САКТОО БОЮНЧА КОМИССИЯСЫ

ОНУНЧУ ЖЫЙЫНЫ

2025-жылдын 14-марты

Бишкек

СУНУШТАР

Туруктуу өнүгүү максаттарынын контекстинде ТҮРКПАга мүчө мамлекеттеринин "жашыл дүйнө" жана экологиялык туруктуулук боюнча кызматташтыгы

Парламенттик Ассамблея**:**

2030-жылга чейинки күн тартибин жана анын Туруктуу өнүгүү максаттарын дүйнөнү инклюзивдүү өнүгүүнүн туруктуу жолуна чыгаруу боюнча инновациялык дүйнөлүк милдеттенме катары **эске алуу менен**;

ТӨМгө жетишүүнү натыйжалуу колдоо үчүн атайын ыкма жана механизмдерди аныктоодо парламенттердин активдүү ролун **баса белгилөө менен;**

Табигый кырсыктарга даярдыкты жогорулатууга жана натыйжалуу чара көрүү аракеттерине багытталган 2015-2030-жылдарга кырсыктардын коркунучун азайтуу боюнча «Сендай» алкактык программасынын маанилүүлүгүн **белгилөө менен;**

Ошондой эле Париж келишиминин климаттын өзгөрүү коркунучуна каршы күрөшүү үчүн натыйжалуулугуна **басым жасоо менен;**

Мүчө парламенттердин эл аралык жана аймактык уюмдар менен өз ара аракеттенүүсү аркылуу ТӨМгө жетишүү жаатындагы кызматташтыгына **маани берип;**

Парламенттер аралык иш-аракеттерди бекемдөө жолу менен 2030-жылга чейинки күн тартибин ишке ашырууну колдоо боюнча ТүркПАнын аракеттерине **басым жасап;**

Планетанын экономикалык, социалдык жана экологиялык жактан туруктуу келечегин камсыз кылуу максатында адамдардын, өкмөттөрдүн, жарандык коомдун жана жеке тармактардын бирикмелеринин ишин **колдоо менен;**

ТүркПАнын мүчө мамлекеттеринин тиешелүү уюмдарынын жетишкендиктерин бекемдөөгө багытталган **аракеттерди кубаттап**;

ТүркПАга мүчө мамлекеттер кошулган жана кабыл алган бул жаатгагы эл аралык конвенциялар жана мыйзамдарды **эске алуу менен**;

Парламенттик комитеттердин өз ара аракеттерин парламенттер аралык кызматташтыкты өнүктүрүүнүн маанилүү куралы катары жана бул контекстте ТүркПАнын алкагындагы тиешелүү комитеттердин жыйындарынын маанилүүлүгүн **айтуу менен**;

ТүркПАга мүчө мамлекеттердин парламенттерине сунуштайт:

a) калдыктарды ресурстарга айландыруунун аймактык ыкмаларын иштеп чыгууда кызматташуу аркылуу калдыктарды кайра иштетүү технологиялары, калдыктарды энергияга айландыруу боюнча "нөл калдыктар"демилгеси сыяктуу демилгелер жаатындагы биргелешкен саясатты *ишке ашыруу*;

b) парламенттер ТӨМдү ишке ашыруу жаатында алдыңкы тажрыйба алмаша ала турган иш-чараларды *уюштуруу*;

c) биологиялык ар түрдүүлүктү жана экосистемаларды сактоо менен азык-түлүк коопсуздугун жогорулатуучу туруктуу айыл чарба тажрыйбаларын *жайылтуу*;

d) токойлорду, суулуу-саздак жерлерди, жок болуп кетүү коркунучу алдында турган түрлөрдү, алардын жашаган жерлерин жана региондук биологиялык ар түрдүүлүккө көмөктөшүүчү башка турмуштук маанилүү экосистемаларды коргоого, туруктуу башкарууга жана калыбына келтирүүгө өзгөчө көңүл буруу менен биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо жаатындагы кызматташтыкты *чыңдоо*;

e) туруктуу өнүгүү жана ага байланыштуу маселелер боюнча коомчулуктун түшүнүгүн жана "жашыл дүйнөнү"жакшыртуу үчүн экологиялык билим берүү жана потенциалды жогорулатуу программаларын *колдоо*;

f) ТүркПА мүчө мамлекеттерин көмүр кычкыл газынын чыгарын азайтууга жана жакшыртылган коомдук транспорт системалары, жашыл аймактар жана энергоэффективдүү имараттары менен жашыл шаарларда туруктуу жашоону алга жылдырууга *үндөө;*

g) климаттын өзгөрүшүнөн улам сандык жана интенсивдүүлүк боюнча көбөйүп жаткан табигый кырсыктарга туруктуулукту жогорулатуу максатында региондук кызматташтыкты чыңдоо жана токой өрттөрү, суу ташкындары, суу каптоо жана башка өзгөчө кырдаалдар учурунда табигый кырсыктарга тобокелдигин азайтууну камсыз кылуу жана кырсык болгон соң жүргүзүлгөн аларга жооп кайтаруу иш-аракеттер жаатында *тажрыйба алмашуу*;

h) туруктуу өнүгүүгө жетишүү үчүн климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча аракеттерди *күчөтүү*;

i) экологиялык туруктуулукту жана "жашыл кеңейүүнү" камсыздоодо атомдук энергиянын ролун карап чыгуу контекстинде экологиялык таза энергетикага өтүүгө *көмөктөшүү*;

j) туруктуу керектөөнү жана өндүрүштү кабыл алуу жана *илгерилетүү*;

k) суу ресурстарын коргоо жана сапатын жакшыртуу, сактоо жана пайдалануу ортосундагы балансты эске алуу менен

кыска, орто жана узак мөөнөттүү келечекте сууну үнөмдүү пайдалануну *камсыз кылуу;*

l) пайда болгон саркынды сууларды чыгым менен пайданын максималдуу катышын эске алуу менен суу ресурстарын пайдаланууга альтернативалуу ыкманы колдонуу менен тазалоо, тазаланган саркынды сууларды кайра пайдалануудан баштап, чөкмөлөрдү тазалоого чейин агынды сууларды башкарууга комплекстүү *мамиле кылуу;*

m) ТүркПАга мүчө өлкөлөрдүн ортосунда чөлгө айланууга, жерлердин деградациясына жана кургакчылыкка каршы күрөшүү жаатында билим, тажрыйба жана алдыңкы тажрыйба алмашуу.